КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

ОРГОЧОР АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР

## ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИНИН I- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН №20- КЕЗЕКТЕГИ СЕССИЯСЫ

## ТОКТОМ

2026-жылдын 30-июлу №141 Оргочор айылы

**2026-жылдын жергиликтүү бюджетинин 6 айлык отчетунун негизинде, иштин муктаждыгына жергиликтүү бюджетке өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары” Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пунктун,Кыргыз Республикасынын Бюджет Кодексинин 16-главасынын 78-беренесине жана 21-главасынын 115-беренесинин 3-пунктуна ылайык, финансы пландоо, бюджеттин аткарылышын жана сырттан келген инвестицияны көзөмөлдөө маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы С.Асаналиевдин билдирүүлөрү угулуп жана талкууланып Оргочор жергиликтүү кеңеши токтом кылат:

1. 2026-жылдын 1-июлуна карата жергиликтүү бюджеттин жарым жылдык аткарылышы “канаттаандыраарлык” деп табылсын.
2. Жергиликтүү бюджеттин 6 айлыкка карата ашыкча түшкөн киреше жана жергиликтүү бюджеттин үнөмдөлгөн акча каражаты төмөндөгү иштерге бекитилсин:
   1) Кызы-Суу бөлүмүнө трансформатор орнотууга -800,0 (сегиз жүз миң) сом;
   2) Оргочор айылынын мүрзөөсүн курчоого- 1000,0 (бир миллион) сом;
   3) Көк бөрү оюнуна көчмө казан алууга -900,0 (тогуз жүз миң) сом;
   4) Тилекмат айылынын жаңы конуштарынын ички жолдоруна труба алууга, кум-шагыл төгүп жана оңдоп, түздөөгө- 2000,0 (эки миллион) сом;
   5) Ак-Дөбө айылына өзгөчө кырдаалдардын тетиктерин коюга көл жээгиндеги контейнерди жасалгалоого- 200,0 (эки жүз миң) сом;
   6) Ак-Дөбө айылынын Кыштобаев атындагы көчөнү оңдоп түздөөгө (МТАА Агро МТС муниципалдык ишканасына) – 350,0 (үч жүз миң) сом;
   7) Маданият кызматкерлерининин улуттук кийимине- 312,5 (үч жүз он эки миң беш жүз) сом;
   8) Көл жээгиндеги куткаруучуларга – 400,0 (төрт жүз миң) сом;
   9) Ак-Дөбө айылынын китепканасына (мебель) - 15,0 (он беш миң) сом;
   10) 31-август Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүгүнүн 35-жылдыгына карата бекитилген Жобонун негизинде номинацияларга- 200,0 (эки жүз миң) сом
   11) Жаргылчак айылындагы “Жыргалчак ” эс алуу лагерине жалгыз бой каары адамдарды жиберүүгө – 50,0 (элүү миң) сом;
   12) Аймактын ардагерлеринин семинарына- 200,0 (эки жүз миң)сом;
   13) Кокуй Көлгө -200,0 (эки жүз миң) сом;
   14) Кошумча күйүүчү майга -100,0 (жүз миң) сом;

15) Социалдык жардамдарга – 500,0 (беш жүз миң) сом (Тилекмат,Аң-Өстөн айылдарына- 250,0 (эки жүз элүү миң сомдон);
16) Өзгөчө кырдаалдарга- 500,0 (беш жүз миң) сом;
17) Аң-Өстөндүн ички иштерине – 300,0 (үч жүз миң) сом;
18) Оргочордун мектебинин жана спорт залынын ачылышына-1300,0 (бир миллион үч жүз миң) сом;
19) Ак-Шыйракка- 2000,0 (эки миллион) сом (Ак-Шыйрак айылынын таза суусунун долбооруна-1000,0 (бир миллион), Ысык-Көл облустук өнүктүрүү фонду аркылуу Үч-Кошкон айылынын маданият үйүнүн капиталдык ремонтуна (өздүк салымга)- 500,0 (беш жүз миң) сом, Үч-Кошкон айылынын көчөлөрүнө кум,шагыл төгүп,грейдерлөөгө 500,0 (беш жүз миң) сом);
20) Мектеп, бала бакча ремонтунун кызматына- 1000,0 (бир миллион) сом;
21) Дем берүүчү гранттын өздүк салымына деп каралган акча каражатынын 30% өнүктүрүү фонд тарабынан каржылануусун эске алуу менен жана Мундуз айылынын дем берүүчү грантына деп каралган өзүк салым 5000,0 (беш миллион) сом төмөндөгү иштерге деп жумшалсын:
- Мундуз айылына 2500,0 (эки миллион беш жүз миң) сом;
- Сетлая Поляна айылынын асфальтына (өздүк салымга)- 4500,0 (төрт жарым миллион) сом (2500,0 сом Мундуз айылынын дем берүүчү грантынан каралган акчадан, 1500,0 сом Светлая Поляннын дем берүүчү грантынын 30% жана 500,0 сом Боз-Бешик айылынын дем берүүчү гранттын 30% эсебинен).
22) Документтерге -500,0 сом
23) Боз-Бешик айылынын Желдеңбаев атындагы мектебинин чарба буюмдарына деп каралган акча каражыты оргтехника алууга статьясы өзгөртүлсүн;
24) Мундуз айылынын эстелигине деген акча каражаты муктаждыкка жараша башка багытка жумшоого макулдук берилсин.
25) Союз МСУга ар бир жаран үчүн 3 сомдон 52,0 миң сом өлчөмүндө кошумча каралсын;

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын финансы пландоо, бюджеттин аткарылышын көзөмөлдөө жана сырттан келген инвестицияны көзөмөлдөө маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

4. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий веб сайтына жарыялоого тиешелүү электрондук иш кагаздарын жиберүүгө жана юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн иш кагаздарын алып баруу жагы жергиликтүү кеңешинин жоопту катчысы Э.Тарйеловага тапшырылсын.

Төрага А.Тыныбеков